DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Асаналиева Ч.Н.*

# «КОМПЕТЕНЦИЯ» ЖАНА «КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК» ТҮШҮНҮКТӨРҮ ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТТЕРИ КАТАРЫ

*Асаналиева Ч.Н.*

# ПОНЯТИЯ «КОМПЕТЕНЦИЯ» И «КОМПЕТЕНТНОСТЬ» КАК ОБЪЕКТЫ ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ИССЛЕДОВАНИЯ

*Ch.N. Asanalieva*

# THE CONCEPTS OF «COMPETENCY» AND «COMPETENCE» AS OBJECTS OF PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL RESEARCH

*УДК: 378*

*Маалыматтык коомдогу жарандардын, кызматчылардын ишмердигинин эффективдүүлүгүн баалоо үчүн инсандын интегративдүү мүнөздөмөлөрүнүн заманбап шарттарга адекваттуу болгон жана бап келген мүнөздөмөлөрүн туюнтуу максатында «компетенция» жана «компетенттүүлүк» деп аталган жаңы терминдердин илимий аныктамалары баяндалат.* ***«Компетенция»*** *термини (лингвистикада, юриспруденцияда, коомдук укукта, персоналды башкарууда, лингвистикада, маданияттар аралык, иммунологияда) кандай маани менен колдонуларына тактоолор киргизилген. Андан тышкары «компетенция» жана «компетенттүүлүк» деп аталган жаңы терминдер түшүнүктөрүнүн ортосунда чоң айырма бар экендигине да кеңири илимий маалымат берилди. Бирок, англис тилиндеги «competence» деп аталган зат атооч орус тилине бир эле учурда «компетентность» («компетенттүүлүк») жана «компетенция» деп которулгандыктан, педагогика жана методика тармагындагы изилдөөлөрдүн анализи көрсөткөндөй, орус тилдүү илимий адабиятта «компетенция» жана «компетенттүүлүк» деп аталган илимий түшүнүктөрдү чечмелөө ишинде бир топ чаташуулар бар экендигине мисалдар келтирилди.*

***Негизги сөздөр:*** *маалыматтык цивилизация, компетенция, компетенттүүлүк, кесиптик компетенция, жалпы компетенциялар, уюм, өзөктүү компетенциясы, компетенциялар чөйрөсү.*

*В этой статье описаны научные определения новых терминов «компетенция» и «компетентность, которые необходимы для дальнейшей оценки эффективности деятельности граждан и сотрудников информационного общества, и выражения характеристик интегративной личности, которые адекватны и актуальны для современных условий. В статье уточняется с каким значением используется термин «компетенция» (в лингвистике, юриспруденции, публичном праве, управлении персоналом, лингвистике, межкультурной, иммунологии). Кроме того, была предоставлена обширная научная информация о существовании большой разницы между понятиями новых терминов «компетенция» и «компетентность». Поскольку, в анлийском языке существительное «competence», в переводе на русский язык означает одновременно два понятия, как «компетентность» и «компетенция», в статье были приведены примеры возникновения в русскоязычной научной литературе о большой путанице в толковании данных терминов, которые стали известны по итогам анализа исследований в области педагогики и методологии.*

***Ключевые слова:*** *информационная цивилизация, компетенция, компетентность, профессиональная компетенция, общие компетенции, организация, ключевая компетенция, область компетенций.*

*This article describes the scientific definitions of the new terms «competence», which is necessary for further assessing the effectiveness of the activities of citizens and employees of the information society, and expressing the characteristics of an integrative personality, which are adequate and relevant to modern conditions. The article specifies the meaning of the term "competence" (in linguistics, jurisprudence, public law, personnel management, linguistics, intercultural, immunology). In addition, extensive scientific information was provided on the existence of a large difference between the concepts of the new terms «competence». Since, in the English language, the noun «competence», translated into Russian, means simultaneously two concepts, like «компетенция» и «компетентность», the article gave examples of the emergence in the Russian-language scientific literature of the great confusion in the interpretation of these terms, which became known based on the analysis of research in the field of pedagogy and methodology.*

***Key words:*** *information civilization, competence, competence, professional competence, general competence, organization, key competence, area of competence.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Биз XXI кылымдын алгачкы чейрегинде, тагыраак айтканда, социумдун «маалыматтык цивилизация» («информационная цивилизация») деп аталган жаңы модели калыптанып жаткан доордо жашап жатабыз.

Социумдун берилген моделинин негизине заманбап коом менен инсан үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон «чынчылдык, энтузиазм, башкаларды сыйлоо жана алар менен кызматташа алуу жөндөмү, жоопкерчиликтүү болуу, өз эрки жана өз демилгеси менен ишке киришүү, лидерлик, жаңычылдыкка умтулуу» [1] сыяктуу баалуулуктар коюлуп, кеп болуп жаткан моделдин башкы мүнөздөмөсү болуп жашоо-турмуштун сапатынын жакшырышы саналат.

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу социумдун «маалыматтык цивилизация» деп аталган жаңы моделинде жаран (гражданин), демократия, саясат, башкаруу ж.б. бир катар түшүнүктөрдүн мазмуну бир кыйла толукталып, башкаруунун бюрократиялык системасынын ордуна башкаруунун системасы келүүгө тийиш экени так кесе түшүнүлүп, коомдук жашоо-тиричиликтин сапатын камсыз кылган факторлор изделет да

- коомдук негизге,
- коомдук аң-сезимдин, айрыкча, жеке адамдын аң-сезиминин ролунун күч алышына,
- шайланган атка минээрлердин (чиновниктердин) ишмердигин тынымсыз жарандык координациялоого өзгөчө артыкчылыктар берилет.

Социумдун «маалыматтык цивилизация» деп аталган жаңы моделинде башкаруу ишмердигиндеги негизги өзгөрүүлөрдүн маңызын «мамлекет адам үчүн» деген принцип түзүп, бийлик органдарынын борборуна адам коюлуп, катардагы жарандар мамлекеттин маанилүү өнөктөштөрүнө айланат.

Жогоруда айтылган өзгөрүүлөр коомдун көп тармактарына, алардын ичинде, билим берүү чөйрөсүнө да өз таасирин тийгизүүгө өттү. Ошол себептен, педагогикалык илим педагогикалык практиканы өндүрүш менен кызмат көрсөтүү чөйрөлөрүнө резонанстуу кылып орнотуу аракетинин үстүндө.

Заманбап педагогика илиминде советтик түзүлүштөн капитализмге карай багыт алган өтмө мезгилдеги

- индивидуалдуу жана универсалдуу билим берүү,
- заманбап жана салттуу (традиционное) билим берүү,
- мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигине умтулуу менен атаандаштыктын зарылдыгы,
- руханий жана материалдуу дүйнө,
- адамдын мүмкүнчүлүктөрү менен билимдин өнүгүү темптери сыяктуу карама каршылыктардын маани-маңызын түшүнүү багытында бир катар иштер жүргүзүлүүдө.

Маалыматтык коомдогу жарандардын, кызматчылардын ишмердигинин эффективдүүлүгүн баалоо үчүн инсандын интегративдүү мүнөздөмөлөрүнүн заманбап шарттарга адекваттуу болгон жана бап келген мүнөздөмөлөрүн туюнтуу максатында **«компетенция»** жана **«компетенттүүлүк»** деп аталган жаңы терминдер кеңири колдонула баштады.

Ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүнө берилген **«компетенция»** жана **компетенттүүлүк** деп аталган бул мүнөздөмө

- коомдогу беделдүү кызматтарды, же позицияларды ээлөө үчүн,
- ошондой эле жалпы эле жарандардын, конкреттүү уюмдардын кызматкерлеринин жүрүм-турумu менен ишмердигин баалоо үчүн билимдүү, шык-жөндөмдүү жана таланттуу адамдарды тандап алуунун **жаңы критерийлерин** иштеп чыгууга негиз болуп калды.

Совет мезгилиндеги **«билимге»** жана **«көп маалыматты билүүгө»** гана басым жасаган билим берүүдөн баш тартып, эл аралык стандарттарга ылайык келген натыйжаларды бере алчу **модернизацияга** жана **«компетенттүүлүк жобосуна»** өтүүгө байланыштуу заманбап педагогикалык адабият менен билим берүү процесстеринде **«компетенциялар»** жана **«компетенттүүлүк»** терминдери арбын пайдаланыла баштады [2].

Көп учурда **синоним** катары пайдаланылган.

- **«компетенция»** (латынчадан *competentia* – жетүү аракетиндемин (добиваюсь); дал келем (соответствую), ылайык келем (подхожу) ылайыктуулук (соразмерность), латынчадан *competere* – ылайык келүү, дал келүү) жана
- **«компетенттүүлүк»** (латынчадан *competens* – ылайык келген, бап келген, дал келген, шык-жөндөмдүү, билимдүү) түшүнүктөрүнүн ортосунда **чоң айырма** бар экенин түшүнүп алуу абзел.

Бирок, англис тилиндеги **«competence»** деп аталган зат атооч орус тилине бир эле учурда **«компетентность»** («компетенттүүлүк») жана **«компетенция»** деп которулгандыктан, педагогика жана методика тармагындагы изилдөөлөрдүн анализи көрсөткөндөй, орус тилдүү илимий адабиятта **«компетенция»** жана **«компетенттүүлүк»** деп аталган илимий түшүнүктөрдү чечмелөө ишинде бир топ чаташуулар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



кездешип жатканына төмөнкү маалыматтар мисал боло алат.

**Компете́нция** – бул кандайдыр бир тармакты мыкты билген жана түшүнгөн адамдын ошол тармак тууралуу билимдери менен шык-жөндөмдөрүнүн жыйындысы.

Эреже катары, **«компетенция»** термини төмөнкү маанилерде кенен колдонулат [3]:

• **кесиптик компетенция** (профессиональная компетенция) – бул кесипке байланышкан милдеттер менен көйгөйлөрдү чечүү үчүн билимдерди, практикалык тажрыйбаны жана шык-жөндөмдөрдү ийгиликтүү пайдалана билүү жөндөмү;

• **жалпы компетенциялар** (общие компетенции) – бул баардык (басымдуу көпчүлүк) кесиптер жана адистиктер үчүн инварианттуу болуп саналып, кесиптик-эмгектик милдеттерди чечүүгө багыт алган, бүтүрүүчүнү эмгек рыногундагы социалдык-эмгек мамилелерине интеграциялоонун факторуна айланган ишмердиктин универсалдуу ыкмалары;

• **компетенция** (юриспруденцияда) – конкреттүү органдын, же жооптуу кызмат ээлеген адамдын юридикалык жактан орнотулган ыйгарымдарынын, укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы; юриспруденцияда «**компетенция**» түшүнүгү конкреттүү органдын, же жооптуу кызмат ээлеген адамдын мамлекеттик органдын (мисалы, өздүк башкаруу органы) системасындагы ордун так кесе көрсөтүп берет. **«Компетенция»** түшүнүгүнүн юридикалык мазмуну өз кучагына төмөнкү элементтерди камтыйт: иш алып баруу чөйрөсү (ыйгарымга ээ объекттердин, кубулуштардын, иш-аракеттердин жыйындысы); каалагандай органдын, же жактын укуктары, милдеттери жана ыйгарымдары; жоопкерчилик; коюлган максаттарга, милдеттерге жана функцияларга дал келүүсү (мисалы, укук жөндөмдүүлүгү, же дееспособность);

• **компетенция** (коомдук укукта, же публичное право) – бул башкаруу процессиндеги конкреттүү субъекттин ролу менен ордун мыйзам чегинде аныктоого мүмкүндүк берген укуктук каражат;

• **компетенция** (персоналды башкарууда) – бул адистин (кызматкердин) белгилүү бир адискөй милдеттерди чече алууга болгон жеке жөндөмдөрү. Персоналды башкаруу ишинде «компетенция» деп компанияга жумушка кирүүнү каалаган кызматкерге, же кызматкерлер тобуна коюлган формалдуу талаптардын жыйындысы түшүнүлөт;

• **маданияттар аралык компетенция** (межкультурная компетенция) – бул башка маданияттын өкүлдөрү менен ийгиликтүү баарлаша билүү жөндөмдүүлүгү болуп саналат;

• **компетенция** (лингвистикада) – бул кандайдыр бир тилде сүйлөп жаткан адамдын тилди интуитивдүү билүүсү, өз оюн сөздөр, же сөз түркүмү аркылуу туура билдире алуусу, туура жана туура эмес сүйлөмдөрдү ажырата алуусу;

• **компетенция** (иммунологияда) – бул адамдар менен кан айлануу системасына ээ жандыктардын иммундук деңгээлде жооп берип, организмди иммунокомпетенттүү ар кыл клеткалар аркылуу коргой билүүсү,

• **уюмдун өзөктүү компетенциясы** (ключевая компетенция организации) – бул кандайдыр бир уюмдун атаандаштык (конкурентная борьба), же ашкере атаандаштык (гиперконкурентная борьба) мүнөздөгү күрөштөрдө өзөктүү жөндөм катары колдонгон артыкчылыгы;

• **компетенциялар чөйрөсү** (область компетенций) – бул адамдын, же уюмдун бийик, атаандаштык деңгээлинде (на высоком, конкурентном уровне) пайдаланган билимдери менен шык-жөндөмдөрүнүн жыйындысы.

Бүгүнкү күндө илимий жана маалыматтык адабияттарда «**компетенттүүлүк**» түшүнүгүнө карата төмөнкүдөй аныктамалар берилгенине күбө болсок болот [4]:

• **компетенттүүлүк** – бул берилген тармакта эффективдүү ишмердик кылуу үчүн зарыл болуп саналган билимдердин, тажрыйбанын жана шык-жөндөмдөрдүн жыйындысы;

• **компетенттүүлүк** – бул кандайдыр бир тармак боюнча ар тараптуу билимдерге ээ болгондуктан, ошол тармак боюнча анын пикири беделдүү, абройлуу болуп саналган адамдын сапаты;

• **компетенттүүлүк** – бул индивиддин реалдуу иш-аракетти жүргүзүүгө болгон жөндөмдүүлүгү, же анын ишмердүүлүк кылуу учурундагы квалификациялык мүнөздөмөсү; каалагандай ишмердүүлүктүн эки өңүтү бар: ресурстук жана жемиштүү (продуктивный) өңүттөр; компетенттүүлүктүн өңүгүшү гана ресурсту жемиштүү ишмердикке айланта алат;

• **компетенттүүлүк** – бул берилген милдеттер менен тапшырмаларды ишти майын чыгара жасоо менен аткарууга болгон потенциалдуу даярдык; ал өз ичине мазмундуу (билим) жана процессуалдык (жөндөм) компоненттерди камтып, көйгөйдүн маңызын билүүнү жана аны чече алууну шарттайт; оперативдик жана мобилдик билимдерге ээ болуу, б.а, билим-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



дерди тынымсыз жаңылап туруу, ошондой эле бул билимдерди конкреттүү шарттарда ийгиликтүү пайдалануу үчүн жаңы маалыматтарга ээ болуу;

• **компетенттүүлүк** – бул объективдүү пикир билдирүү жана так чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болуп саналган белгилүү бир компетенцияга, тагыраак айтканда, өздүк ишмердиктеги билимдер менен тажрыйбага ээ болуу (сыягы, бул аныктама белгилүү бир компетенцияга ээ болсо да, зарыл болуп саналган компетенттүүлүккө ээ эмес адам тарабынан жазылган өңдүү). Айрым учурда компетенцияга ээ эмес компетенттүүлүк да, компетенттүүлүккө ээ эмес компетенция да кездешкен учурлар арбын байкалат;

• **компетенттүүлүк** (социологияда) – бул социалдык факторлордун кандайдыр бир билимдерге ээ болуу менен социалдык өз ара алакалардын толук кандуу жана квалификациялуу катышуучу боло алуу жөндөмү; мындай жөндөм *этнометодологияда* кенен кездешет;

• **компетенттүүлүк** (педагогикада) – бул ишмердиктин (биздин учурда педагогикалык ишмердиктин) тигил, же бул түрүн ишке ашырууга карата жаратман мүнөзүндөгү жөндөмдүүлүк; илимий билимдер тармактык илимдерге дифференциацияланып жаткан учурда компетенттүү педагог өз окуучулары менен шакирттерин турмуш-тиричиликке ылайыкташкан ийгиликтүү инсан катары тарбиялай алат.

Ошентип, орус тилдүү адабиятта «компетенция» түшүнүгү конкреттүү органдын, же жооптуу кызматты ээлеген адамдын юридикалык жактан аныкталып, тактакталган ыйгарымдарынын, укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы катары түшүнүлөт [5,6]. Ошол эле учурда, бир катар жагдайларда, орус тилдүү адабиятка англис тилдүү булактардын тийгизген таасири да байкалат: «компетенция – бул индивид өз билимдерин, шыктарын, жүрүм-турумун, ийкемдүү жөндөмдөрүн жана кесипкөй ишкердик үчүн таасирдүү болуп саналган инсандык сапаттарын көрсөтө алган уюмдун (мекеменин) эффективдүү иштөөсү үчүн зор мааниге ээ ишкердик чөйрөсү» [7].

Орус тилдүү изилдөөчүлөр **«компетенттүүлүк»** түшүнүгүн жетишээрлик кеңири мааниде чечмелешет: бир жагынан, «компетенттүүлүк» түшүнүгү субъекттин тажрыйбасынын калыптануу даражасын, ошондой эле кызматтык талаптарды туура турмушка ашырууну туюнтса, экинчи жагынан, «компетенттүүлүк» түшүнүгү кесиптик активдүүлүктүн атайы формаларына окутуу деңгээлин билдирет [8]. Кеп болуп жаткан түшүнүккө берилген ар кыл маанайдагы аныктамалар, ири алдыда, изилдөөчүлөр сунуш кылган теориялык жоболордун ашкере көптүгү [9], ошондой эле ар кыл тармактагы адистердин кесиптик ишмердигинин түзүмүнүн (структурасынын) өзгөчөлүктөрү менен шартталган.

Ошондой болсо да, **«компетенттүүлүк»** түшүнүгү:

• мазмуну боюнча **«билим», «жөндөм», «шык», «көндүмдөр»** түшүнүктөрүнөн кеңири,

• мааниси боюнча **«компетенция»** түшүнүгүнөн айырмалуу экени эстен чыкпоого тийиш.

Ошол себептен, көпчүлүктүн архетибинде: «Адамдын билимдерин, шыктарын, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн (навыки) туюнткан **«компетенция»** түшүнүгү адамдын турмуш тажрыйба жолунда өздөштүргөн «системалуу билим багажын» чагылдырган **«компетенттүүлүк»** түшүнүгүнүн туундусу болуп саналат. Демек, **«компетенттүүлүк»** түшүнүгү **«компетенция»** түшүнүгүнө караганда семантикалык жактан биринчи пайда болгон категория болуп саналат» деген стереотип жашап келет.

Бир катар заманбап изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде, о.э. Л.В. Занина жана Н.П. Меньшиков сыяктуу изилдөөчүлөрдүн «Основы педагогического мастерства»аттуу китебинде, Д.А.Ивановдун илимий макалаларында, **«компетенция»** жана **«компетенттүүлүк»** түшүнүктөрүнүн маңызы төмөнкүчө аныкталат.

**Жыйынтыктап айтканда бул түшүнүктөр:**

• **Компетенция** өз кучагына инсандын белгилүү бир тармактагы, же процесстеги сапаттуу жана өндүрүмдүү ишмердиги (продуктивная деятельность) үчүн зарыл болуп саналган билим, шык, жөндөм, көндүм, тажрыйба сыяктуу өз ара тыгыз байланыштагы сапаттарынын жыйындысын камтыйт.

• **Компетенттүүлүк** – бул адамдын белгилүү бир компетенцияларга ээ болушу, анын ошол компетенциялар менен өз ишмердигинин предметине билүү, түшүнүү, ийкемдүүлүк менен жасаган мамилеси.

**Адабияттар:**


1. Самойлов Е.А. Компетентностно-ориентированное образование: социально-экономические, философские и психологические основания: монография. - Самара: Изд-во СГПУ, 2006. - С. 50.
2. Баскаев Р.М. О тенденциях изменений в образовании и переходе к компетентностному подходу/ Р.М. Баскаев. // Инновации в образовании. - 2007.- №1. - С.10-15.
3. Большакова З.М. Компетенции и компетентность / З.М. Большакова, Н.Н.Тулькибаева. // Вестник Южно-Уральского государственного университета. - Серия: Образование. - Педагогические науки. - 2009.
4. Белицкая Г.Э. Социальная компетентность личности //

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Сознание личности в кризисном обществе / Под редакцией А.А. Абульхановой-Славской, А.В. Брушлинского. - М., 1995. - С. 42-57;

5. Акаева Е.Л. Мониторинг профессионального становления будущего учителя на основе компетентностного подхода. / Е.Л. Акаева // Педдиагностика. - 2006. - №3. - С. 13-18.
6. Алиев С.Н. Специальный семинар – важное средство формирования профессиональной компетенции будущих учителей. / С.Н. Алиев // Иностранный язык в школ. - 2008. - №2. - С. 59-65.
7. Разработка программ подготовки профессорско-преподавательского состава к проектированию образовательного процесса в контексте компетентностного подхода: монография / под редакцией Г.А. Бордовского, Н.Ф. Радионовой, А.В. Тряпицына. - СПб.: Изд-во РГПУ им. А.И. Герцена, 2010. - 243 с.
8. Гаибова В.Е. К определению общих учебных компетентностей старшеклассников / В.Е. Гаибова, А.П. Чернявская. // Инновации в образовании. - 2006. - №5. - С. 28-39.
9. Иванов Д.И. Компетентности и компетентностный подход в современном образовании. / Д.И. Иванов // Воспитание. Образование. Педагогика. - 2007. - №6(12). - 32 с.
10. Козырева О.А. Методология моделирования профессиональной компетентности педагога. / О.А. Козырева // Дополнительное профессиональное образование. - 2008. - №4. - С. 24-25.
11. Козырева О.А. Феноменология профессиональной компетентности учителя. / О.А. Козырева // Дополнительное профессиональное образование. - 2008. - №1. - С.12-14.
12. Краевский В. Методологическая компетентность педагогов-исследователей как условие научного обеспечения модернизации образования / В. Краевский // Соискатель-педагог. - 2008. - №1. - С. 31-35.